**Колдонулган адабияттар:**

1. Манас. С.Орозбаковдун варианты боюнча. С. Орозбаков. 4-к. – Ф: Кыргызстан, 1982. – 223 б.
2. Манас. С.Орозбаковдун варианты боюнча. С. Орозбаков. 4-к. – Ф: Кыргызстан, 1982. – 225 б.
3. Манас. С.Орозбаковдун варианты боюнча. 2. т. – Ф: Кыргызстан, –241 б.
4. Манас. С.Орозбаковдун варианты боюнча. С.Орозбаков.1-к.-Ф: Кыргызстан. 1980., 2-к. – 83 б.
5. Молдобаев, И. Эпос «Манас» как источник по истории кыргызов И. Молдобаев. – Б: Шам. 2004. – 156-157 бб.
6. Манас. С.Орозбаковдун варианты боюнча. С.Орозбаков.1-к.-Ф: Кыргызстан. 1980., 2-к. – 168-177 бб.
7. Эр Төштүк. С. Каралаевдин варианты боюнча. С. Байкожоев. – Ф: Мектеп.1968, 100 б.

**References:**

1. Manas. S. According to the variant of Orozbakov. S. Orozbakov. 4-K. - F: Kyrgyzstan, 1982. - 223 p.
2. Manas. S. According to the variant of Orozbakov. S. Orozbakov. 4-K. - F: Kyrgyzstan, 1982. - 225 p.
3. Manas. S. According to the variant of Orozbakov. 2. T. - F: Kyrgyzstan, p. 241.
4. Manas. S. According to the variant of Orozbakov. S.Orozbakov.1-K.- F: Kyrgyzstan. 1980., 2-K. -83 p

. 5. Moldobaev, I. Epic "Manas" historian on the history of the Kyrgyz I. Moldobaev. - B: Candle. 2004. - 156-157 p.

6. Manas. S. According to the variant of Orozbakov. S.Orozbakov.1-K.- F: Kyrgyzstan. 1980., 2-K. - pp. 168-177.
7. Bold Breasts. S. According to the variant of Karalaev. S. Baykozhoev. - F: School.1968, 100 p.



УДК 450.078(436)
DOI10.33514/BK-1694-7711-2021-2(2)-51-56



**Турдугулов А.Т.**
Филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясы
**Турдугулов А.Т.**
Доктор филологических наук, профессор, Кыргызская академия образования
**Turdugulov A. T.**
Doctor of Philology, Professor, Kyrgyz Academy of Education


# ДАГЫ БИР ИРЕТ АЙТМАТОВДУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ТУУРАЛУУ
# ЕЩЁ РАЗ ОБ ОСОБЕННОСТЯХ Ч.АЙТМАТОВА
# ONCE AGAIN ABOUT THE FEATURES OF Ch. AITMATOV

**Аннотация:** Сунуш кылынып жаткан бул макалада турмуштун реалдуу чындыгына, аалам кубулуштарына философиянын талаптарынан чыгып мамиле жасаган жазуучу Ч.Айтматовдун жалпы көз караштарынын антропологиялык жана аксиологиялык параметрлери анын көп кырдуу чыгармачылыгынын дагы бир өзгөчөлүгү катары каралып сунуш кылынат.

**Аннотация:** В представленной данной статье в тезисной форме раскрываются антропологические и аксиологические параметры общего взгляда Ч.Айтматова как писателя с философским отношением к миру, к реальной действительности.

**Abstract:** In the article presented in the abstract form , the anthropological and axiological parameters of the general view of Ch .Aitmatov as a writer with a philosophical attitude to the world, to reality.

**Түйүндүү сөздөр:** Антрология, аксиология, тезистер, транформация, маданият жана искусство, символдор, социология, теология, футурология.

**Ключевые слова:** Аксиология, антропология, тезисы, трансформация, культура и искусство, символы, социология, теология, футурология.

**Key words:** Axiology, anthropology, thesis, transformation, culture and art, symbols, sociology, theology, futurology.

**Аристотелден Айтматовго карай.** Айныгыс нерсе ушул: көп кырдуу, көп жактуу, ары өтө эле табышмактуу адам турмушунун бардык кырлары менен сырларын ичинен сыртына карай аңтара (наизнанку) иликтеген көркөм өнөр (искусство) чыгармачылыгы, не анын кайсыл гана тармагын алба, илим тармактары иликтей албаган купуя, аялуу дүйнөсүн көркөмдөп көзгө көрүмдүү, кулакка жагымдуу таризде таспиеттеп, көзүңдүн да кулагыңдын да, а эң негизгиси, жан дүйнөңдүн кумарын кандырып, жашоого болгон адам ышкысын улам арттырып, бир келген өмүрдүн баалуулугун, мына ушуну максаттуу кечирүүнү үйрөтөт, а балким, талап кылат. Байыркы грек маданиятындагы, искусство менен философиясындагы Аристотелдин (б. з. ч. 384 – 322 жылдар) “көркөм өнөрдүн гедонисттик функциясы” тууралуу **аксиологиялык** жана **антропологиялык** окуусунун мааниси, маңызы ушунда жаткан чыгар. Ар бир мезгилдин, ар кандай коомдук түзүлүштүн өзүнүн Аристотели бар сыңары биздин ошондой баа – нарктагы даанышман ойчул сүрөткерибиз, асыресе, Айтматов...

Анын чыгармачылыгы тууралуу көп жазылды, көп айтылды, ошону менен жазуучунун сырдуу өнөрканасынын сырдары менен кырлары толугу менен ачылды деп айтуу кыйын. Адабиятчылар менен философтор, тарыхчылар менен социологдор, педагогдор менен психологдор жана дагы башка илим өкүлдөрү жазуучунун калтырган маданий мурастарынын ачылбай жаткан жактарын изилдешээри турган кеп. Л.Арагондон тартып М.Ауэзовго чейин, Г.Гачев менен Н.Никипорецтен тартып З.Кедрина менен З.Финицскаяга чейинки (булар айрымдары гана) орус окумуштуулары, К.Асаналиевден тартып Л.Үкүбаевага чейин, А,Акматалиевден тартып А.Кадырмамбетовага чейинки кыргыз окумуштуулары Ч.Айтматовдун чыгармаларын ар тараптан кенен изилдешти. Кыргыз педагог окумуштуулар А.Муратов жазуучунун педагогикасын кеңири талдаса, А.Алимбеков анын этнопедагогикасын терең изилдеди. Иш муну менен эле токтоп калбайт.

“Ч.Айтматовдун каармандын мүнөзүн түзүп, маңызын ачуудагы көркөм чеберчилиги бүгүнкү күнгө чейин белгилүү бир деңгээлде изилденип калды десек да болот. Анткени

жазуучунун чыгармачылыгы жөнүндө пикир жазган ар бир автор бул маселени айланып өтүшү дегеле мүмкүн эмес. Себеби тигил же бул конкреттүү чыгарманын идеялык – эстетикалык мазмунун ачуу анын негизги кыймылдаткыч күчү, чыныгы көркөмдүүлүтүн өзүнчөлүктүү бир индикатору болгон каармандын табиятын ачуу менен өз ара тыгыз байланышта турат эмеспи. Ошентсе да Ч.Айтматовдун дүйнөлүк окурмандын кызыгуусын туудурган каармандын дүйнөсүн түзүү жаатындагы чеберчилиги караманча эле изилденип бүтүп калган жок" [2, 7 – 8 б.].

Филология илим доктору, профессор Лайли Үкүбаева жалпы улуттук адабий процессти изилдеген иштеринин ичинде Ч.Айтматовдун адабий мурастарын, айрыкча, жазуучунун каармандарынын феноменин изилдөө иштерине негиз салды деп айтууга болот. Жазуучунун талантынын такшалышын шарттаган өбөлгөлөрүнөн тартып жазуучунун алгачкы аңгемелериндеги сюжет куруу чеберчилигине чейинки, жазуучунун каармандарынын мүнөзүнүн өнүгүү тарыхындагы сюжеттин ролунан тартып жаш адамдын көркөм образынын өнүгүү эволюциясына чейинки, жазуучунун каарманынын мүнөзүн ачуудагы колдонгон көркөм каражаттарынан тартып көркөм портрет маселесине чейинки, мындан ары Ч.Айтматовдук каармандардын речтик өзгөчөлүктөрүнө чейинки адабий – теориялык маселелердин кеңири пластын ийгиликтүү изилдеди [2]. Окумуштуу өзү айткандай "... адабий чөйрөдө башта тийди – качты болуп, тигил же бул маселеге байланыштуу каралып келген, бирок айтайын өзүнчө системалуу изилдөөнүн предмети боло элек маселе – Ч.Айтматовдун каарманынын көркөм дүйнөсүн түзүүдөгү сюжеттин ролу (анткени, "сюжет мүнөздүн, типтин өсүп - өнүгүү тарыхы" эмеспи), айтматовдук көркөм портреттин, речтик мүнөздөмөнүн, жаратылыш картиналарынын бөтөнчөлүктөрү жана алардын каармандын маңызын, жан – дүйнөсүн ачуудагы көркөм функцияларынын көп жактуулугун" [2, 8 б.] изилдөөгө алган. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын аксиологиялык жана антропологиялык параметрлерине дагы бир ирет кайрылып олтурганыбыздын себеби – анын өзгөчөлүктөрүн системага салынган тариздe санап өтүү милдети турат, алар кайсылар:

**Биринчи өзгөчөлүгү.** Айтматовдун адамзатка калтырган окууларынын баалуулугу менен кайталангыс уникалдуулугу бир канча факторлор менен түшүндүрүлөт: ал жазуучу катары бир жазылып, кайра жаралбаган аңызга айланып калуучу аңгемелерин, позитивдүү маанай тартуулаган пассионардык повесттерин, рационалдуу пикир жаратууга шыктандырган романдарын калтырды; ал өзү жашаган заманынын актуалдуу, ары заманбап курч проблемаларын такай козгогон публицистика, интервьюларын калтырды; ал коом турмушу, жеке адам турмушу тууралуу терең изилдөөлөрдү жүргүзгөн даанышман ойчул инсан катары эсте калды; ал өзү жараны болгон өлкөсүнүн, мамлекетинин кызыкчылыгын коргогон коомдук ишмер, мамлекеттик ишмер катары кыргыз дипломатиясына үлгү болду; ал улуттун материалдык жана руханий баалуулуктарын туу туткан, ары аларды такай даңазалаган, мунун аркасынан өз улутунун улуулугун өзгөлөргө далилдеген улут жараны катары элдин эсинде калды; ал көркөм чыгармалары аркылуу улуттун гана эмес, жалпы адамзаттын муунун туура тарбиялоого зор салымын кошкон улуу педагог – дидакт катары эсте калды; ал улут рухунун туу чокусу болгон "Манас" ааламын ар тараптан колдоого алган, даңазалаган, манас айтуучулук өнөрдү, жомокчуларды, эл ырчыларын, дастанчыларды, төкмөлүк өнөрдү, айтыш өнөрүн өзгөчө баалаган, баалап гана тим болуп калбай, өнөрдүн мындай түрлөрүнө түпкүлүгүнөн, генезисинен бери терең иликөөлөрдү жасаган изилдөөчү катары адабият таанууда, искусство таанууда орду бар изилдөөчү катары

тарыхта калды; ал көркөм чыгармаларында улуттун, адамзаттын өтмүшүн, учур абалын, келечегин аныктаган тарыхчы, футуролог катары эсибизде калды; ал искусство тармактарынын дээрдик баарын (сүрөт өнөрү, живопись, архитектура, балет, опера, кино өнөрү, бий, хореография, театр ж.б.) көркөм транформациялады. А эң негизгиси, ал сүрөткер катары адам жан дүйнөсүнүн абалын көркөм иликтөөгө алган, анын бурама-тетиктерин өз-өз ордуна коюп жашоого укук берген "инженердин" милдетин аткарып, а социомаданияттагы "адам" "концептин" иштеп чыкты, анын структуралык түзүмүнө карата антропологиялык изилдөөлөргө чыйыр салды.

**Экинчи өзгөчөлүгү.** Дегинкиси, антропология окуусу тээ байыркы грек маданияты менен искусствосунда эле көркөм изилдөөгө алынып, алгачкылардан болуп бул терминди колдонгон Аристотель болду. Ал антропология терминин адам табиятынын руханий жактарын карай турган билимдердин негизги параметрлерин аныктап алуу максатында колдонгону белгилүү. Антропология термини мына ушул маанисинде андан бери миңдеген кылымдар кебелбей жашап келди. Адамдын жан дүйнөсү, адам концепти, айрыкча, диний окууларда (теологияда), философияда, социалдык-гуманитардык бир катар тармактарда, искусство таанууда жана психологияда активдүү колдонулган терминге айланды.

**Үчүнчү өзгөчөлүгү.** Айтматовдун түшүнүгүндө адам, анын жан дүйнөсү, кайгысы менен касирети, маанайы, ийгилик-өксүктөрү, кубанычы менен жаза баскан жаңылыштыктары үчүн мүңкүрөп калган абалы, кайра түздөнүп алдыга карай, ийгиликтерге карай умтулуусу, кайраты менен деми коомдук ан сезимдин формаларынын, илимдин, искусствонун тынбай изилдей турган түбөлүк темасы. Анын түшүнүгүндө адам, тирүү жан катары (**биологиялык антропология**) бул утурумдук жашоого келгени үчүн өз тагдырына милдеткер, соңку романында ("Тоолор кулаганда") айтканындай "алмуздактан бери айныгыс өмүр сүрүп келе жаткан бир түшүнүк бар, ал тагдыр, ансыз бу ааламда кыбыр эткен жандын төбөсүндөгү бир тал чачы да кыймылдабайт, өмүр – өлүм ченеми да өзгөрбөйт, маңдайы жарылып кубана да албайт, мүнкүрөп кайгырып да жатып калбайт, антпесе анын (тагдырдын) тагдырдыгы кайсы (а иначе зачем судьбе быть судьбою)".

**Төртүнчү өзгөчөлүгү.** Айматовдун түшүнүгүндө адам, анын мүнөзү менен кылык – жоруктары, пейили менен жасаган иш – аракеттери (**психологиялык антропология**) айланып жүрүп отуруп кайра өзүнө келип бир тийген бумеранг сымал бул жашоодо эч нерсе текке кетпейт, элдеги "пейилиңден табасың" деген аксиома ушундан улам айтылып калган окшоду. Антпесе меркантилдик ой жетеги менен ошондон байып кете тургансыган наадан Базарбай бүткүл адамзат каарын алууга даяр болуп турган бөрүлөрдүн бөлтүрүктөрүн уурдап качканы үчүн өзү анысын билип-билбей өз аманат жанын, башын баталгага коюп олтурат. Анын ошондой наадандыгынан тажаган Бостон акыры тобокелге барып мылтыгын октоп "алаамат күндү башына салганы", наадандын жанын кыйганы бел байлады, ошентип анан наадан Базарбай Нойгутов пейилинен таап жанын кыйдырып отурат. Же болбосо, бу жашоонун ыплас окуяларына али аралаша элек, пейили таза, жан дүйнөсү али пакиза Баланын көзүнө желмогуз көрүнгөн Орозкул, кой оозунан чөп албаган, кишиге кымындай зыяны тийбеген тирүү жан момуну Момун чалды ар кандай азапка салган, улууга урмат, кичүүгө сый көрсөтүүнү биле бербеген орой мүнөз Орозкул, ошол эле меркантилдик ой жетеги мененби, айтор, табигый экологиялык балансты сатап турган жан жаныбар макулуктарды (бугу, маралдарды) көгөрүп өскөн арча, карагайларды да аябаган, кыйып, союп жок кылган ошол Орозкулдун тагдыр кемтиги, перзенттүү боло аблаганы

(**социологиялык антропология**) ошол пейилинен болуп жүрбөсүн... Бул да Ч.Айтматовдун адамзатка калтырган айнығыс окуусунун бир чети.

**Бешинчи өзгөчөлүгү.** Айтматовдун түшүнүгүндө адам коому, анын маданияты адам жашоосунун, анын тагдыр өнүгүүсүнүн көрсөткүчү, анын символдук системалары (**культурологиялык антропология**) өткөн жашоо маңызын аныктамайын, тарыхты, өтмүштү толуккандуу өздөштүрмөйүн келечек айдыңын да көрө албайт, турмушун да жарытып түптөй албайт. Жазуучу кайсы бир интервьюсунда айткандай, "человечество без прошлого, словно дерево без корней", мунун сыңары адам өз өтмүшүн билбей, жарытып өздөштүрбөй, анан жүрүп отуруп маңкуртка айланбай таш болобу. Айтматов түзгөн улут гана эмес, адамзат маданиятындагы "манкурт окуусу" балким, келечекте антропологиялык маданиятта символдук системага айланат...

Эми Айтматовдун **аксиологиясы** тууралуу бир – эки тезис. Айтматовдун түшүнүгүндө адам, анын жашоо тиричилиги эч нерсе менен алмаштыргыс баалуулуктун системасы (аксиологиялык окуу) катары түбөлүк изилдөөнүн объектисиндеги нерсе, мунсуз жашоонун өзү кунарсыз болгон сымал маданият, искуссво тармактары да жашай албайт.

**Аксиология** байыркы грек тилинен ἀξία – баалуулук жана λόγος – окуу деген маанини түшүндүргөн философия илим тармагы катары "баалуулук" категориясын изилдейт, жашоонун, ааламдын, дүйнө түзүлүшүнүн мүнөзүн, структурасын жана иерархиясын системалаштырат, аны окуп үйрөнүүнүн, өздөштүрүүнүн ыкмаларын иштеп чыгат, антологиялык статусун аныктайт.  Окумуштуулар аксиологиянын антологиялык статусунун беш ири функциясын көрсөтүп жүрүшөт, алар: асылдык функциясы; этикалык функция; илимий тактык менен изилдөө функциясы; адамга ырахат жыргал тартуулоочу (гедонизм) функциясы; практикалык жактан пайдалуулук (прикладдык) функциясы. Булардын баарын, менин оюмча, айтматовдук каармандардын ар биринин аракеттеринен көрүүгө болот.

**Алтынчы өзгөчөлүгү.** Асылдык функция, принцибинде, эстетикалык категория, бирок ал аксиологияда баалуулук системасы катары искусство чыгармаларындагы "көркөм", "кооз", "асылдык", "сулуулук", "кунарсыз",  "жагымсыз", "одоно" сыяктуу терминдер менен коштолуп, түпкүлүгүндө, табият маңызына тиешелүү болуп калат. Ал табиятты адам өзү түзүп албадыбы, демек, мунун баары адамдын катышуусунда, анын, балким, жетеги менен жүрөт, ал аны тескейт, өзүнүн жашоосуна ылайыкташтырат, мындайды Айтматовдун каармандарынын аракеттеринен көр. Антпесе бир караганда көзгө көрүмсүз, жупуну бир аскер кийимчен неме (бирок пакиза жан дүйнөсүн аңтар – теңтер кылып кулакка жагымдуу обон созгон) Жамийланын махабатына, болгондо да, "махабат тууралуу дүйнөдөгү эң мыкты дастандагы" махабатка кабылып олтурат. Мында кеп Данияр тууралуу бара жатат. Жамийла алгач өзү таназар албай, байкабай, балким, теңине да албай жүргөн бир немени, эч ким байкай албаган бир пакиза, нукура таза жан дүйнөнү өзү таап алды, өзү жасап алды. Ал ошонусу менен баарына кайыл болуп, кыргызда мурда болуп көрбөгөн, болгондо да элет жашоосунда, элет салтында болуп көрбөгөн кылыкты жасады, ал кылымдар бою бузулбай сакталып келе жаткан салттык жөрөлгөнү бузду да (**аксиологиянын антологиялык статусунун этикалык функциясы**), өзүнүн жан дүйнө эркиндигин, махабат эркиндигин даңазалап (тымызын эмес!) өзү тандаганы менен кол кармашып никелүү күйөөсүн чанып кете берди... Бул Ч.Айтматовдун мүнөз түзүүдөгү эркиндиги эле.

**Жетинчи өзгөчөлүгү.** Айтматовдун түшүнүгүндө адам жашоосу социалдык мораль, адеп – ахлактык нормалардын алкагында гана өтүшү керек, антпесе этикалык "жаман –

жакшы", "кыйшык – түз", "жумшак – катуу", "одоно – жымсал" терминдик түшүнүктөр аркылуу түшүндүрүлүүчү "социалдык консенсус" тарабынан таңууланган жүрүм – турум эрежелери индивидди желкеден төмөн басып, тушап, жан дүйнө эркиндигинен ажыратып, социалдык пассивдүү нерсеге, манкуртка айлантып коюу коркунучу бар, мындай шартта адам өзү үчүн өзү түзүп адган индивидуалдык мораль экинчи планга сүрүлөт. Ошентип, анын индивидинин кыйраганы ошол. Адам өмүр бою арыла алгыс керт башынын таргедиясын деле өзү жаратып алат окшойт. Антпесе мекен алдындагы ыйык милдетин унутуп, жадесе, жактырып алган жары Сейдени, анын колтугундагы кичинекей чүрпөсүн (перзентин), төшөктө онтолоп ооруп жаткан, о дүйнө сапар тартууга моралдык жактан мына даяр турган энесин да аябай, булардын кийинки көрөөр күнү не болоорун да ойлоп койбой, качкын атыккан Ысмайылды карачы. Жазуучу ошол Ысмайылынын мүнөзүн иштеп чыгууда бардык күчүн, аракетин, бар талантын жумшаган көрүнөт. Принцибинде, анын керт башынын трагедиясы ошентип журт безериленип токойдо үңкүрдө жапайыдай жашап калганы деле эмес, жакындарынын кийинки көрөөр күнү, азабы менен касирети деле эмес, анын керт башынын трагедиясы – ошоерде туруп энесинин мүрзөсүнө топурак сала албай калганы болду, пенделик милдетинен да перзенттик милдетин аткара албай калганында болду...

Ошентип, Айтматов бизге мына ушундай маданий мурас өзгөчөлүктөрүн калтырды, анын муундарга калтырган адабий – маданий мурастарына адабий – тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүү менен гана чектелбей, асыресе, анын антропологиялык жана аксиологиялык өзгөчөлүктөрүн ар тараптан изилдөө иштери илимдин философия менен социология, психология менен педагогика, антропология менен аксиология, синергетика менен футурология жана культурология сыяктуу тармактарын да кызыктырганы максатка ылайык.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын 8 томдугу. – Бишкек: Бийиктик, 2008.

2.Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Бишкек, 2008. – 175 б.

3.Огурцов А.П. Аксиологические модели в философской науке. //Журнал "Философские исследования". – Москва, 1995. № 1, стр. 7 – 36.

4.Шохин В.К. Классическая философия ценностей: предистория, проблемы, результаты. //Журнал "Альфа и омега". – Москва, 1998. № 18(3), стр. 283 – 308.

5.Хомутов Л.Е. Антропология. – Москва: Феникс, 2006. стр. 114 – 170.

**References:**

1. Aitmatov Ch.T. 8 volumes of works. - Bishkek: Height, 2008.

2. Ukubaeva L. The artistic world of Chingiz Aitmatov's characters. - Bishkek, 2008. - 175 p.

3. Ogurtsov A.P. Axiological models in philosophical science. // Journal of Philosophical Research. - Moscow, 1995. Cover 1, pp. 7-36.

4.Shokhin V.K. Classical philosophy of values: prehistory, problems, consequences. // Alpha and Omega Magazine. - Moscow, 1998. Admixture 18 (3), pp. 283 – 308.

5. Khomutov L.E. Anthropology. - Moscow: Phoenix, 2006. pp. 114 – 170.